**УДК 373.2**

***Эстебесова Г., Сабыржанова А.*** *Эстебесова Гүлбарчын – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Сабыржанова Айдана - магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# СТАНДАРТТЫК ЭМЕС САБАКТАРДЫ УЮШТУРУУДАГЫ ОКУТУУНУН ФУНКЦИЯЛАРЫ

# ФУНКЦИИ ОБУЧЕНИЯ ПРИ ОРГАНИЗАЦИИ НЕСТАНДАРТНЫХ ЗАНЯТИЙ FUNCTIONS OF TRAINING IN ORGANIZING NON-STANDARD CLASSES

***Аннотация.*** *Макала стандарттык эмес сабактарды уюштуруудагы окутуунун фукнцияларын бала бакчада кароого арналган, жалпысынан тарбиячынын жана балдардаын ийгилиги окутуунун мазмунунун баардык компоненттерин комплекстүү ишке ашыруунун зарылчылыгы жана педагогикалык процесстен балдардын инсан катары ар тараптан, чыгармачылык өз алдынча өнүгүүсү окутуунун функциясын негидейт: билим берүүчүлүк, тарбиялоо жана өнүктүрүү функциялары каралган.*

***Аннотация.*** *Статья посвящена рассмотрению функций обучения при организации нестандартных уроков в детском саду, в целом успех воспитателя и детей обусловлен необходимостью комплексной реализации всех компонентов содержания обучения и всестороннего, творческого саморазвития детей как личности в педагогическом процессе.*

***Abstract.*** *The article is devoted to the consideration of the functions of training in the organization of non-standard lessons in kindergarten; in general, the success of the teacher and children is due to the need for a comprehensive implementation of all components of the content of training and comprehensive, creative self-development of children as individuals in the pedagogical process.*

***Ачкыч сөздөр:*** сабак, октуу процесси, билим берүү, тарбиялоо, өнүктүрүү, билим, билгичтик, жөндөм

***Ключевые слова****: урок, процесс обучения, образование, воспитание, развитие, знания, навыки, способности*

***Key words:*** *lesson, learning process, education, upbringing, development, knowledge, skills, abilities*

Тарбиячы окутуунун эффективдүүлүгүн көтөрүүдө учурдун талабы болгон окутуунун активдүү формаларын, адатка айланбаган стандарт эмес сабактарды кеңири практикалоосу зарыл. Адатка айланбаган сабакты өткөрүү үчүн тарбиячы төмөнкүлөрдү эске тутуусу керек:

- ❖ Адатка айланбаган сабак окутуу-тарбиялоонун негизги каражаттарынын бири болуп саналат. Ошондуктан тарбиячы сабактын билим-тарбия берүүчүлүк жана өнүктүрүүчүлүк максатын жакшы билүүлөр керек.
- ❖ Адатка айланбаган сабактын максатына тарбиячы чыгармачылык менен жыл боюнча ийгиликтүү иштегенде гана жетише алат.

- ❖ Адатка айланбаган сабакты өткөрүүдө ар бир балдардын жана коллективдин (тайпалар) жекече өзгөчөлүктөрүн толук эсепке алуулары, алардын ар бирине туура мамиле кыла билүүлөрү керек.
- ❖ Адатка айланбаган сабакты өткөрүүдө ошол бала бакчада, райондо, республикада иштеген чыгармачыл тарбиячылардын алдыңкы тажрыйбаларын пайдаланууну талап кылат.
- ❖ Сабакта окутуунун техникалык куралдарын ж.б. көбүрөөк пайдалануу керек. Сабакты өткөрүүгө окумуштуулар жана методистер, чыгармачыл тарбиячыдер көбүрөөк жардам берүүгө тийиш.
- ❖ Адатка айланбаган сабактын кайсы түрүн өтөрүн, теманын, материалдардын максатына, көлөмүнө карай тандап алат.
- ❖ Адатка айланбаган сабактын активдүү формаларын туура уюштуруу жана коюлган максатына жеткирүү үчүн тарбиячы алардын методикасын жакшы билүүлөрү аздык кылат, аны чыгармачылык менен иштөө гана керек.

Мындай сабактарга мисал катары төмөнкүлөрдү келтирсек болот:

- ❖ Сабак-жомок;
- ❖ сабак-аңгеме;
- ❖ сабак-конференция;
- ❖ сабак-пресс- конференция;
- ❖ сабак-семинар;
- ❖ сабак-сынак [зачет];
- ❖ сабак-таймаш [мелдеш];
- ❖ сабак-комплекс;
- ❖ сабак-лекция;
- ❖ сабак-экскурция;
- ❖ сабак-консультация [жардам берүү сабагы];
- ❖ сабак-практикум [1].

Бирок, бул сабактардын бардык эле түрүн бала бакчада колдонууга болбойт. Биз төмөндө бала бакчада кеңири практикаланып жүргөн жана балдардын жаш өзгөчөлүгүнө туура келүү менен алардын билимге болгон кызыгууларын туудуруп, өтүлө турган материалдын өздөштүрүлүүсүнө оң таасирин тийгизе турган сабактарды тандоону сунуштайбыз.

Билим берүүнүн мазмунунун баардык компоненттерин комплекстүү ишке ашыруунун зарылчылыгы жана педагогикалык процесстен балдардын инсан катары ар тараптан, чыгармачылык өз алдынча өнүгүүсү окутуунун функциясын негидейт: билим берүүчүлүк, тарбиялоо жана өнүктүрүү. Билим берүү көлөмүн кенейтүү, өнүктүрүү-стуктуралык татаалдашуу, тарбиялоо-мамиленин калыптанышы менен байланыштуу. (В.В.Краевский [6]) билим берүү кызматтын негизги мааниси балдарды илимий билимдердин, билгичтиктин, ыкмалардын системасы менен камсыз кылуу жана аларды иш жүзүндө колдонуу.

1.Билим берүү функциясы (кызматы). Илимий билимдер өзүнө фактыларды, түшүнүктөрдү, мыйзамдарды, мыйзам ченемдүүлүктөрдү, теорияларды жана дүйнөнүн жалпы сүрөттөмөсүн камтыйт [2,3]. Билим берүү функциясына жараша билим инсандын энчиси болуп, анын тажрыйбасынын структурасына кириш керек. Бул функциянын толук ишке ашырылышы билимдин толуктугун,

системалуулугун жана түшүнүктүүлүгүн, алардын бекемдигин жана аракеттүүлүгүн камсыз кылышы керек. Окуупроцессин уюштурууда билимдин жалпы системасында билимдин керектүү өбластын чагылдырган негизги идеялар түшүп калбагандай, себептик-натыйжалык байланыштарды түшүнүү үчүн керектүү элементтери талап кылынат. Билим өзгөчө ирээтелиши керек, жаңы билим мурда өздөштүрүлгөн билимди толуктап, анын уландысы катары кызмат аткарышы ыктымал. Билим берүү функциянын ишке ашырылышынын соңку жыйынтыгы болуп билимдин көлдөнулушу, ал мурда алынган билимдер жаңыларга жөл ачып жана өтө керектүү бөлгөн атайын жана жалпы билимдерди жана ыкмалардын жаралышы үчүн кызмат кылат.

Билгичтик - алган билимдерди көлдөнуп, көюлган максатты так аткарууга багытталат, ыкманын б.а. автоматташтырылган аракеттин негизинде жөнөкойлөтүлгөн аракеттердин байланыш системасы түзүлөт. Билгичтик көнүүгүлөрдүн натыйжасында пайда бөлөт, ал окуу иштеринин шартын жана аны акырындап татаалдаштырат. Ыкмаларды калыптандыруу үчүн бир эле шартта көптөгөн көнүгүүлөрдү аткаруу талап кылынат.

2.Тарбиялоо функциясы. Окуутунун тарбиялоочу мүнөзү мыйзам ченемдүүлүк катарында бардык дөөрлөрдө жана шарттарда бөлуучу иш-аракет. Тарбиялоо функциясы окутуунун мазмунунан, фөрмасынан жана усулдарынан келип чыгат, өшөну менен бирге балдар менен тарбиячыдин баарлашуусун атайын уюштуруу менен ишке ашырылат. Окутуу өзүнчө эле инсандын белгилүү бир көз караштарын, ишенимдерин, мамилесин, сапаттарын тарбиялай албайт. Нравалык жана башка түшүнүктөрдүн системасын, нөрмасын, эрежелерин жана талаптарын атайын өздөштүрбөсө, инсанды таптакыр калыптандыра албайт. Окутуу дайыма тарбиялайт, бирок өзүнө-өзү эле автөматтык түрдө же дайыма көнкреттүү багытта боло бербейт, ошондуктан тарбиялоо функциясын ишке ашыруу үчүн окуу процессин уюштурууда окуунун мазмунун, формасын жана усулдарын тандоодо, коомдун өнүгүүсүнүн тигил же бул этабындагы тарбиянын туура аныкталган максатын эске алууну талап кылат.

Окутуунун тарбиялоо функциясын ишке ашыруу үчүн окуу иш-аракетинин мотиви [түрткү берүүчү] чөң мааниге ээ.

3. Өнүктүрүүчү функция (жетилүү).Тарбиялоочу функция сыяктуу эле окутуунун өнүктүрүүчү мүнөзү – бул социалдык процесстин өзүнөн обьективдүү келип чыгат. Туура коюлган окутуу дайыма өнүктүрөт, бирокинсандын ар тараптуу өнүгүшүнө атайын багытталган тарбиячылардын жана балдардын өз ара мамилесинде өнүктүрүүчү функция кыйла эффективдүү ишке ашырылат.

Окутууну уюштуруунун адаттагы өнүктүрүү функциясын ишке ашыруу эреже катары сүйлөө жана ой жүгүртүүнү өстүрүүгө багытталган, себеби, башкаларга караганда вербалдуу сүйлөө процессин өстүрүү гана балдардын жалпы өнүгүүсүн көрсөтөт. Бирок, окутуунун багыттуулугу өнүктүрүүчү функцияны сөз жана аны менен байланышкан ой жүгүртүүнүн да эффективдүү өнүгүшү инсандын сенсөрдук, эмоционалдык-эрк, кыймылдык жана мотивациялык – муктаждык чөйрөсүнүн өнүгүүсү менен ишке ашат. Өшентип, окутуунун өнүктүрүүчү мүнөзү инсандын өнүгүүсүнүн бүтүндой психикалык системанын камтыйт.

1960- жылдардан баштап педагөгика илиминде өнүктүрүүчү окутууну түзүү үчүн ар кандай жолдор иштелип чыккан. А.В. Занков окутуу процессинде ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүнүн принциптеринин жыйындысын негиздеген: теориялык

материалдын салыштырма салмагын жөгөрулатуу, окутуунун тез-тез темпте жана татаалыраак жогорку деңгээлде болуусу, балдардын окуупроцессинин маанисин сезүү; А.М.Матюшкин, М.И.Махмутов ж.б. проблемалуу окутуунун негизин иштеп чыккан; И.Я.Лернер менен М.Н.Скаткин окутуунун өнүктүрүү методунун системасын сунуш кылышкан; В.В.Давыдөв менен Д.Б.Эльконин окутуудагы мазмунду жалпылоо көнцепциясын иштеп чыккан; И.А.Гальперин, Н.Ф.Талызина ж.б. эс-акыл аракетинин этаптуу калыптандырыш теориясын негиздешкен [1,2,3,4].

Илимий изилдөөлөрдүн жетекчи идеясы жана педагогикалык практиканы окутуунун өнүктүрүүчү функциясы, окутуунун өнүктүрүү чөйрөсүндөгү маанилүү таасирин кеңейтүү жөнүндөгү ойлору өтө маанилүү. Инсанды толук интеллектуалдык, социалдык жана нравалык жактан өнүгүүсү – бул билим берүү жана тарбиялоо функцияларынын биримдигинин натыйжасында ишке ашырылат.

Демек, тарбиячы балдардын алдына милдеттерди коюу менен, аларды акырындык менен татаалдандырып баланын таанып билүү жөлунда ой жүгүртүүсүнүн өнүгүүсүн акырындык менен камсыз кылат. Тарбиячы сабактын ийгиликтүү өтүшү үчүн керектүү шарттарды түзөт, көюлган максаттарга ылайык мазмундарды талдайт.

**Колдонулган адабияттар**


1. Формы и методы общеобразовательной подготовки [изд-е 2-5: доп. и перераб.] / Под ред. М. И. Махмутова. — М.: Педагогика, 2002.— 321 с.
2. Коменский Я.А. Великая дидактика. Избранные педагогические сочинения./ Я.А. Коменский. В 2-х т. — М., 1982, т. 1. — 384 с.
3. Коменский Я.А. Великая дидактика. Избранные педагогические сочинения./ Я.А. Коменский. В 2-х т. — М., 1982, т. 1. — 384 с.
4. Лернер И. Я., Дидактическая система методов обучения, М., 1996. — 188с.
5. Хуторской А.В. Практикум по дидактике и современным методикам обучения. — СПб.: Питер, 2004. — 233 с.
6. Краевский В. В. Методология педагогики: Пособие для педагогов-исследователей. - Чебоксары: Изд-во Чуваш, ун-та, 2001. - 244 с.